**ЖАРЫЯ**

| |
|---|
| **Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Улуттук аккредитациялык кеңештин мүчөлүгүнө төмөндөгү 4 орун үчүн ачык конкурс жарыялайт:** |
| **1.1. Билим берүү жаатындагы жумуш берүүчүлөрдүн/жумуш берүүчүлөрдүн кесиптик бирикмелеринин жана билим берүү жаатындагы кесиптик уюмдардын өкүлдөрү үчүн – 3 орун:** |
| Конкурска катышуучуларга коюлуучу талаптар:<br>**Кесиптик билим деңгээли**: жогорку кесиптик билим.<br>**Иш стажы жана тажрыйбасы:**<br>• өзүнүн талапкерин көрсөткөн уюмдун иштеген мөөнөтү 3 жылдан кем эмес;<br>• билим берүү тутумундагы же билим берүү жаатындагы кесиптик уюмдарда иш-тажрыйбасынын жана кесиптик байланыштарынын болушу;<br>• талапкерлигине көрсөткөн уюмда иш тажрыйбасы 3 жылдан кем эмес болушу. |
| **1.2. Билим берүү уюмдарынын өкүлдөрү үчүн – 1 орун:** |
| Конкурска катышуучуга коюлуучу талаптар:<br>**Кесиптик билим деңгээли**: жогорку кесиптик билим.<br>**Иш стажы жана тажрыйбасы:**<br>• билим берүү тутумундагы иш тажрыйбасы 10 жылдан кем эмес;<br>• билим берүү тутумундагы сапат кепилдиги маселеси боюнча иш тажрыйбасынын болушу 5 жылдан кем эмес;<br>• аккредитациялык агенттик катары таанылууну каалаган коммерциялык эмес уюмдардын кызматкерлери же алардын жакын туугандары болбоого тийиш. |
| **Жалпы квалификациялык талаптар. Төмөнкүлөрдү билүү:**<br>• Кыргыз Республикасынын Конституциясы;<br>• Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамы;<br>• Кыргыз Республикасынын “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” мыйзамы;<br>• Кыргыз Республикасынын “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” мыйзамы;<br>• Кыргыз Республикасынын “Ченемдик укуктук актылары жөнүндө” мыйзамы;<br>• Билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдындагы Улуттук аккредитациялык кеңеш жөнүндө жобо; |

- Билим берүү жаатындагы аккредитациялык агенттиктерди таануунун тартиби;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында көз карандысыз аккредитация боюнча актыларды бекитүү жөнүндө токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы №120 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама.

| | |
|---|---|
| **II** | **Тандоого катышуу үчүн төмөнкү документтер тапшырылууга тийиш:** |

Документтер төмөнкүдөй ырааттуулук менен папкага (Дело №) тиркелип тапшырылышы зарыл.

- жеке арызы;
- окумуштуулар кеңешинин/педагогикалык кеңешинин чечими (билим берүү уюмдарынын өкүлдөрү  үчүн);
- билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын коомдук кеңешинин чечими (билим берүү жаатындагы жумуш берүүчүлөрдүн/жумуш берүүчүлөрдүн кесиптик бирикмелеринин жана билим берүү жаатындагы кесиптик уюмдардын өкүлдөрү үчүн);
- резюме (электрондук даректи көрсөтүү менен);
- нотариустан же акыркы иштеген жеринде күбөлөндүрүлгөн билими жөнүндө документтин көчүрмөсү;
- нотариустан же иштеген жеринде күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин көчүрмөсү;
- паспорттун көчүрмөсү/

| | |
|---|---|
| **III** | **Документтерди кабыл алуу убактысы жана орду:** |

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү №257.

| | |
|---|---|
| **IV** | **Кабыл алуу мөөнөтү:** |

2023-жылдын 23-майынан тартып 2023-жылдын 29-майы, саат 12.00 чейин.
Байланыш телефону: (0312) 62-10-46, 0705155844. Кабинет № 426.